**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден-соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы алдын ала коргоо жыйынынын №23.2**

**ПРОТОКОЛУ**

**9-ФЕВРАЛЬ, 2024-жыл Бишкек шаары**

**Катышкандар:**

1. Дюшеева Н.К. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
2. Панкова Т.В. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
3. Абдыкапарова А.О. пед. илимдеринин кандидаты 13.00.01; 13.00.02
4. Ажибаева А.С. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
5. Акиева Г.С. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
6. Алимбеков А. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
7. Андрущищин И.Ф. пед. илимдеринин доктору 13.00.04
8. Асипова Н.А. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
9. Джанузаков К.Ч. пед. илимдеринин кандидаты 13.00.04
10. Зулуев Б.Б. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
11. Калдыбаева А.Т. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
12. Макагонов А.Н. пед. илимдеринин доктору 13.00.04
13. Мамытов А.М. пед. илимдеринин доктору 13.00.04
14. Сартбекова Н.К. пед. илимдеринин доктору 13.00.01

**Кошумча чакырылган адистер:**

Бузурманкулова Ж.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Жакыпова З.Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Жумабаева Г.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер, Мураталиева М.А. – педагогика илимдеринин доктору, доцент, Саралаев М.К. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Дюшеева Н.К.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы:** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Абдыкапарова А.О.

ЖАКтын төрайымсынын буйругу менен бекитилген диссертациялык кеңештин 15 мүчөсүнөн 14 мүчөсү катышууда, алардын ичинен 8 мүчөсү талкууланып жаткан диссертациянын багыты боюнча илимдин докторлору. Кеңештин жыйынын ачуу сунушу бар.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинде 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча Кошалиева Салтанат Шайдуллаевна «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялар» аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин алдын ала коргоо**

Диссертациялык иш К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи: Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна** педагогика илимдеринин доктору, профессор И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын башчысы.

**Төрага:** Доклад бүттү. Суроолоруңуздарды бериңиздер. Алдын ала диссертациялык кеңештин мүчөлөрү берсин, андан кийин калган чакырылган адистер берсе болот. Сөз профессор Асипова Нурбүбү Асаналиевнага берилет.

**Асипова Н.А. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Авторефератты окуп чыгып менде мындай суроо пайда болду: “Ден соолукту чыңдочу технологиялар деген эмне?”

**Изденүүчү:** Изилдөөбүздүн милдетине ылайык проблеманын өзөктүү түшүнүктөрүнүн бири “технология” жана «педагогикалык технология» түшүнүктөрүн ачып көрсөтүү зарылдыгы жаралды. “Ден соолукту чыңдоочу педагогикалык технологиялар” категориясын илимий-педагогикалык айлампага биринчилерден болуп киргизген Н. К. Смирнов аларды ден соолукту чыңдоочу педагогиканын технологиялык негизи; балдарды ден соолугунан айрылтпай, алардын окутуусун уюштуруу формаларынын жана методдорунун тутуму; окуп жаткандардын жана мугалимдердин ден соолугуна тийгизген таасиринин критерийи боюнча бардык педагогикалык технологиялардын мүнөздөмөсү катары караган. Анын негизинде биз ден соолукту чыңдоочу технологиялар дегенде –окутуу жана тарбиялоо процессинде балдардын ден соолугун чыңдоого жардам берүүчү педагогикалык методдор жана технологиялар комплексин түшүнөбүз.

Экинчи суроо. Сиз сунуштаган педагогикалык шарттр эмненин негизинде тандалды жана кайдан келип чыкты?

**Изденүүчү**: Ден соолукту чыңдоочу компетенттүүлүктүн негиздерин, маңызын ачуу үчүн, мектеп курагына чейинки балдардын ден соолугун чыңдоочу компетенттүүлүгүнүн негиздерин калыптандырууга көмөк көрсөткөн калыптануунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгып аларга биз төмөнкүлөрдү киргиздик: ден соолукту чыңдоо принциптерине негизделген программаларды иштеп чыгуу жана колдонуу; педагогикалык технологиялардын интеграциясы; индивидуалдуу жана дифференцияланган мамиле; балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөткөн, окутуунун оюндук жана активдүү формасына негизделген педагогикалык технологияларды практикада колдонуу. Бул шарттар биздин проблемага, балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө дал келет. Аларды тандоодо биз көптөгөн изилдөөлөрдү карап чыгып ушуларды тандаганбыз.

**Төрага:** Слово предоставляется профессору Панковой Татьяне Витальевне.

**Панкова Т.В. – доктор педагогических наук, профессор.** Как вы определили эффективность здоровьесберегающих технологий?

**Изденүүчү:** Мы провели педагогический эксперимент в три этапа: констатирующий, формирующий и контрольный. С помощью проведения различных мероприятий, игровых методов и применения рахных методик, разработанных учеными мы определили эффективность здоровьесберегающих технологий.

Тогда в продолжение этого же вопроса: Как вы определили уровень понимания дошкольниками понятий “здоровье”, “укрепление здоровья”?

**Изденүүчү:** Спасибо за вопрос. Сравнительный анализ беседы, анкетирования о здоровье на основе использования педагогических технологий “ показал повышенный уровень формирования у детей представлений о понятиях ”здоровье“ и ” укрепление здоровья". На рисунке

3.1 отражена динамика изменения уровня формирования представлений детей о понятиях "здоровье" и "укрепление здоровья".

**Төрага:** Слово предоставляется профессору Акиевой Гульдане Салмоорбековне.

**Акиева Г.С. – доктор педагогических наук, профессор. Целью Вашего исследования**, как Вы пишете является выявить современные технологии здравоохранения, способствующие укреплению здоровья детей дошкольного возраста. Назовите современные технологии, которых не было в советский период.

**Изденүүчү**: Спасибо за вопрос. К традиционным технологиям мы добавили такие современные технологии как: арт-терапия, которая может использоваться для решения многих психологических, эмоциональных и социальных проблем, включая психологическую коррекцию различных неврологических расстройств. В настоящее время понятие «арт-терапия " рассматривается как совокупность видов искусства, использующих лечение и коррекцию; как комплекс арт-терапевтических методик; как направление, метод психокоррекционной практики.

Пилатес – это система физических упражнений, направленных на укрепление тела, улучшение гибкости и развитие силы без наращивания избыточной мышечной массы. Пилатес также подчеркивает контроль движений, правильную выносливость и гармонию тела и разума.

Технология игрового растяжения, которая основана на растяжении мышц тела и суставно-связочного аппарата рук, ног, позвоночника, оказывает оздоровительное действие на весь организм. Она опирается на анализ известных систем физических упражнений, мануальной терапии, ритмики, хореографии. Упражнения на растяжку мышц широко используются в

массажной системе, лечебной физической культуре, особенно для коррекции нарушений движения при нарушении мышечного тонуса.

**Төрага:** Сөз Зулуев Бекмырза Бекболотовичке берилет.

**Зулуев Б.Б. – педагогика илимдеринин доктору, доцент.** Калыптандыруучу эксперименттин максат, милдеттери кандай? Ал кимдер менен качан өткөрүлгөн? Экинчи суроо. Сунушталып жаткан спецкурс кимдерге багытталган? Качан, кимдер менен өткөрүлгөн?

Констатациялоочу экспериментти жүргүзүүнүн максаты – зарыл мазмунду, азыркы методдордун жана формалардын негизинде мектепке чейинки уюмдарда ден соолукту сактоо технологияларын ишке ашыруу процессин башкаруунун жолдорун иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн констатациялык этабынын натыйжалары педагогикалык технологияларды пайдалануу аркылуу жетишилген ден соолугун чыңдоо, жөнүндөгү системалуу билимдерди калыптандыруу боюнча атайын уюштурулган ишти жүргүзүү зарылчылыгын күбөлөп турат.

Констатациялык эксперимент 5-6 жаштагы балдардын ден соолукту чыңдоо жөнүндөгү калыптанган системалуу билимдеринин деңгээлин ачып көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Экинчи суроого жооп. Биз "Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоонун педагогикалык технологиялары" программасын, диагностикалык инструментарийди камтыйт, ал төрт бөлүмдөн турат жана 24 саатка эсептелген жана практикада колдонулду; педагогикалык технологиялардын интеграциясы; жеке жана дифференцияланган мамиле; окутуунун оюн жана активдүү формасына негизделген педагогикалык технологиялар балдардын ден соолугун чыңдоого жардам берди.

Калыптандыруучу эксперимент педагогикалык технологияларды пайдалануу аркылуу ишке ашуучу ден соолукту чыңдоо жөнүндө 5-6 жаштагы

балдардын системалуу билимдерин калыптандыруу максатында эксперименттерди уюштурууну жана мазмунун эксперименталдык текшерүүнү иштеп чыгууга багытталган.

**Төрага:** Сөз профессор Нуржан Коодоевнага берилет.

**Сартбекова Н.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Кандай же кайсы эксперимент модель түзүүгө алып келди? Сизден мурда кандайдыр бир модель бар беле? Сиздин модель алардан эмнеси менен айырмаланат?

**Изденүүчү**: Ден соолукту чыңдоочу технологиялардын моделин ишке киргизүү боюнча эксперименталдык иш жүргүзүү жана алардын мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо боюнча натыйжалуулугу далилденди. Ден соолукту чыңдоочу педагогикалык технологиялардын натыйжалуулугунун критерийлери баалуулуктар ориентациясын өзгөртүү, билим берүү процессиндеги субъекттердин керектеме-мотивациялык чөйрөсүнүн ден соолукту чыңдоону багыттады. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо үчүн ден соолукту чыңдоочу технологияларды колдонуунун биз иштеп чыккан модели төрт блоктон турат: максаттуу, методологиялык, уюштуруучулук-ишмердүүлүк жана натыйжалуу. Биз түзгөн теориялык модель мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоодо ден соолукту чыңдоочу технологияларды колдонуунун компоненттерин когнитивдик, эмоционалдык, кыймылдоочу, мотивациялык-жүрүм-турумдук катары колдонууну карайт.

**Төрага:** Сөз профессор Канат Чыныбаевичке берилет.

**Джанузаков К.Ч. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор.**

Сиз мектепке чейинки балдардын ден соолугунун чыңдоо боюнча мамлекеттик прграммаларды талдадык деп жатасыз. Ошол программаларда

кандай сандык жана сапаттык көрүнүштөр бар? Бирок мен айтаар элем Сиз аларды атап өткөнсүз, талдоо жүргүзгөнэмессиз.

**Изденүүчү:** Бүгүнкү күндө Кыргызстанда мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо приоритеттүү маселе катары каралган бир катар нормативдик-укуктук документтер кабыл алынды, анда өсүп келе жаткан жаш муундардын,. Булар Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы, «Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин иштөө режиминин түзүлүшүнө, мазмунуна жана уюштурулушуна санитардык эпидемиологиялык талаптар», Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды карап багуу», “Мамлекеттик билим берүү стандартында” [28], 3-6 жаштагы балдарды өнүктүрүүнүн «Балалык» программасында, «Наристе» жана башка мамлекеттик жана программалык документтерде базалык улуттук баалуулуктар бөлүп көрсөтүлөт. Бирок бул тактоолорду ишке киргизебиз деп ишендирем.

**Экинчи суроо. Сиз изилдөөнүн биринчи милдетин өтө кеңири алып алгансыз: “**Илимий-педагогикалык адабияттарды талдоонун негизинде мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун теориялык концепциясынын мазмунун тактап, балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуу процессинде ата-энелердин жана мугалимдердин ролун айкындоо”. Эмне үчүн ата-энелерди кошуп алгансыз?

**Изденүүчү:** Ата-энелерсиз балдардын жаш курагы ошону талап кылат, бир да иш алып баруу мүмкүн эмес. Балдардын ден соолукту чыңдоонун эффективдүүлүгүн жогорулатуу көптөгөн кырдаалдар менен шартталат, ошолордун ичинен педагогдор менен ата-энелердин компетенттүүлүгүн өстүрүүгө, мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоонун эффективдүүлүгүн жогорулатууга максималдуу көмөк көрсөтөт.

Балдардын ден соолугун калыптандыруу үчүн ата-энелердин катышуусун камтышы керек.

**Төрага:** Сөз илимий жетекчи, профессор Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовнага берилет.

**Калдыбаева А.Т. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.** (Илимий жетекчинин пикири тиркелет).

**Төрага:** Эми эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнө сөз берейли. Алимбеков Акматали Алимбекович – эксперттик комиссиянын мүчөсү, – педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Алимбеков А.:** мен бул диссертацияны окуп чыктым диссертациянын темасы абдан актуалдуу. Диссертациянын темасын өзгөртүүну сунуштадым, себеби педагогикалык шарттар мрда жок болчу. Илимий аппарат 80% өзгөрүлдү, көп жумуш жасалды, бироок дагы дале түшунүксуз терминдер көп кездешет, аларды диссертацияны жактоого чейин оңдоо керек. Мен жактоого сунуштайм.

**Төрага:** Сөз экинчи эксперт Ажибаева Айнура Жакшымбаевнага берилет.

**Ажибаева А.Ж.. – педагогика илимдеринин доктору, доцент.** Диссертациянын темасы актуалдуу жана приоритеттүү программаларга кирет, себеби Кыргызстанда мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоодо педагогикалык технологияларды колдонуу боюнча биринчи эмгек экен. Изилдөөнүн натыйжалары мектепке чейинки мекемелердин тарбиячыларын ден-соолукту чыңдоочу технологияларга баалуу каражат катары мамиле кылууга багыттайт; тарбиячыларды мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоодо педагогикалык технологияларды колдонуу боюнча теориялык жактан негизделген жана практика жүзүндө сынактан өткөрүлгөн билимдер менен камсыз кылат;

жогорку жана атайын орто кесиптик билим берүү уюмдарында болочок тарбиячыларды балдардын ден соолукту чыңдоодочу технологияларды колдонууга даярдоодо колдонулушу мүмкүн**.** Эксперт катары мен берген мүчүлүштүктөрдү изденүүчү оңдогондон кийин мен жактоого сунушумду бердим.

**Үчүнчү эксперт.** Иманалиев Токтобек Тыбынович ооруп калганына байланыштуу окумуштуу катчы окуп койсун.

**Окумуштуу катчы:** Токтобек Тыбынович да оң пикирин билдирген. Алдын ала коргоого сунуштаган.

**Төрага:** Дагы кимде кандай сунуштар бар? Дискуссияны баштайбыз. Сөз профессор. Асипова Нурбүбү Асаналиевнага берилет.

**Асипова Н.А.** Мен бул жумуштун мазмунунан биздин диссертациялык кеңеште изилдөөлөрдүн терендешин белгилегим келип жатат. Бул иште технологиялар жөнүндө гана сөз жүрбөстөн, ошол технологияларды колдонуу жөнүндө сөз болуп жатат. Логикасына ылайыктуу ирээти менен милдеттер чечилген. Жоопторунан теманы билгендиги көрүнүп турат. Бирок сүйлөп жатканда кагаздан арылыш керек. Кагазды караган сайын паузалар убакытты алып коюп жатат. Тема актуалдуу, керектүү. Бирок дагы да ондой турган нарселери бар. 10-бетте акмеологиялык мамиле деп туура эмес жазылган. Менимче аксиологиялык деп оңдоо керек. Акмеология – бул башка тармак. Кесиптк жетишкендиктин туу чокусу дегенди билдирет. Аксиология – бул баалуулук. Тексте баалуулук тууралуу сөз болуп жатат. Тексте чаташтыруу кетип калган. Оңдоо керек. Редакциялоо керек. 11-таблицада боштуктар бар. Сиз изилдөөчу катары мындай боштуктарга жол бербешиңиз керек. Анда эмнеге бердиңиз буларды? Демек, булар аягына чыга элек дегенди билдире. Анан кайсынысы технология, кайсынысы эмнеге тиешелүү экендиги белгисиз бойдон калып калган. Кайрадан иштеп чыгуу керек деп эсеттейм.

Авторефераттагы кыргыз тилиндеги изилдөөнүн максаты туура коюлган: “Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарын аныктоо, моделин түзүү жана эксперимент аркылуу текшерүү” , ал эми резюмедеги орусча максаты таптакыр башкача: “выявить современные технологии здравоохранения, способствующие укреплению здоровья детей дошкольного возраста”. Мындай калпыстыктарга жол бербеш керек. ”Выявление, моделирование и экспериментальная проверка педагогических условий применения оздоровительных технологий у детей дошкольного возраста" деп жазыңыз. Жактоого чейин оңдөөнү тлап кылат. Жумуш жетилип бышкан жактоого уруксат берсек болот.

**Төрага:** Сөз профессор Канат Чыныбаевичке берилет.

**Джанузаков К.Ч.** Балдардын ден соолугун чыңдоо – бул медицина эмес, дарылоо эмес. Бул термин физкультура менен тыгыз байланыштагы категория болуп эсептелинет, анан Салтанат айткандай технологияларды колдонуу аркылуу чыңдайт. Бул бир. Экинчиден бул абдан актуалдуу темага коомчулук көңүл бурбай калган, Салтанат Шайдуллаевна дагы үстүрттөн мамиле жасап койгон. Бул деген болгон нерсеге өзгөртүүнү, жаңылануууну киргизүү дегенди билдирет. Кантип деген маселеге ден соолугун чыңдоонун теориясын, методологиясын жана практикасын кайрадан карап чыгып күчөтүү керек. Ден соолук деген сөз дефиси жок жазылат. Сиз аралаштырып салгансыз. Биринчи милдетти: “Илимий-педагогикалык адабияттарды талдоонун негизинде мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун теориялык концепциясынын мазмунун тактап, балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуу процессинде ата-энелердин жана мугалимдердин ролун айкындоо” деп өтө узартып бербестен кыскартып: “мектепке чейинки курактагы

балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун теориялык негиздерин айкындоо” деп койсо жетиштүү болот.

Үчүнчү милдетти да тактоо керек: “Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун эксперименталдык түрдө текшерүү” эмес “Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун моделин эксперимента аркылуу текшерүү” десе туура болот, себеби педагогикалыш шарттар моделдин ичине кирет.

Методдорго келгенде, кийинки мезгилде илимий методдорго документтерди талдоо деп жазылып жатат. Бул туура эмес. Документалдык материалдарды талдоо деп берилиш керек, себеби, закондор, программалар, концепциялар, токтомдор анализге алынып жатат. психологиялык-педагогикалык, философиялык адабияттарды, монографиялык материалдарды, окуу-методикалык адабияттарды анализдөө дебестен документалдык материалдарды талдоо деп койсо жетиштүү болот, сандык жана сапаттык методика деген жок, ордуна статистикалыкдеп жазуу керек. Корутундуну милдеттерге ылайыктуу, практикалык сунуштарды илимий тилде жазуу керек.

**Төрага:** Сөз профессор Нуржан Коодоевнага берилет.

**Сартбекова Н.К.** Таблицаларга жылдарын кошуп коюуу керек, туура жасалгалаңыз.

**Төрага:** Слово предоставляется профессору Татьяне Витальевне**.**

**Панкова Т.В.** Работа актуальная, потому что соискатель взяла дошкольныйвозраст. Сейчас дети стали малоподвижными, они перестали играть. Я живу в многокавартирном доме, не слышно детских голосов.

Правда сегодня появилась наука билуэтика, которая защищает правадетей до рождения, в утробе матери.

**Төрага:** Дагы сүйлөй тургандар барбы? Эгерде жок болсо, анда диссертация боюнча корутунду кабыл алабыз.

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы диссертациясына карата**

**КОРУТУНДУСУ**

**Диссертациялык кеңешке диссертациялык изилдөөлөрдү коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Иште 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен дал келет, анда мектепке чейинки курактагы балдардын ден-соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары теориялык жактан талданып салыштырма-тектештирме мүнөздөмөсү берилген.

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Ден-соолукту чыңдоо технологияларын мектепке чейинки билим берүүгө жигердүү киргизүү эң жаш муундун физикалык, эмоционалдык жана социалдык жыргалчылыгын

камсыз кылууга багытталган маанилүү жана келечектүү изилдөө чөйрөсүн билдирет.

Заманбап балдар бир катар көйгөйлөргө туш болушат, мисалы, кыймылсыз жашоо образы, физикалык активдүүлүктүн жетишсиздиги жана иштетилген азыктарга бай диета. Бул факторлор биригип, балдардын жалпы ден-соолугунун, анын ичинде физикалык жана психикалык өнүгүүсүнүн начарлашына алып келет.

Азыркы дүйнөдө балдар санариптик технологиянын интенсивдүү таасирине туш болушту, бул көбүнчө түзмөктөрдүн экрандарынын алдында көп убакыт коротууга алып келди. Бул фактор физикалык активдүүлүккө, уйкунун сапатына жана көрүнүшкө таасир этет, бул педагогдордун жана саламаттыкты сактоо адистеринин көңүлүн жана изилдөөсүн талап кылат.

Балдардын ден соолугун сактоо адаттарын ийгиликтүү калыптандыруу өзүнө дене тарбия активдүүлүгүн, туура тамактанууну, психологиялык колдоону жана ата-энелерди жана педагогдорду тартууну камтыган комплекстүү мамилени талап кылат.

Балдардын ден соолук маселелерине коомчулуктун активдүү кызыгуусуна карабастан, мектепке чейинки билим берүүнүн алкагында ден соолукту чыңдоо технологияларын жана алардын педагогикалык аспектилерин натыйжалуу колдонуу жаатында терең изилдөөлөрдүн жетишсиздиги бар.

Эрте балалык курак сергек жашоого адаттарды жана көз караштарды калыптандыруу үчүн негизги мезгил болуп саналат. Мектепке чейинки мекемелерде түзүлгөн педагогикалык шарттар балдардын келечектеги ден-соолугуна олуттуу таасирин тийгизиши мүмкүн.

Илимий изилдөө жана билим берүү иш жүзүндө жалпы багыты заманбап коомдун шартында мектепке чейинки курактагы балдардын ден

соолугун бекемдөө үчүн ден соолукту чыңдоо технологияларын колдонуу педагогикалык шарттарды терең изилдөөнүн маанилүүлүгүн баса белгилейт. Бул багытта диссертациялык изилдөө жүргүзүү заманбап илимдин жана билим берүүнүн өнүгүшүнө ажырагыс салым болуп саналат.

Кыргыз Республикасында мектепке чейинки балдардын ден соолугун чыңдоо маселеси атайын илимий изилдөөлөрдүн объектиси болгон эмес, мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоонун маанилүүлүгү менен практикада бул ишти натыйжалуу жүзөгө ашыруу технологияларынын жетишээрлик даражада колго алынбай келе жатышы; мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде ден соолукту чыңдоочу технологияларды колдонууга карата талаптардын жогорулашы жана аларды натыйжалуу колдонуунун педагогикалык шарттарынын илимий жактан иштелип чыкпагандыгы;

– мектепке чейинки курактагы баланын инсандыгыгына талаптын жогорулашынын жана билимди берүүгө жана көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган салттуу педагогикалык мамилелердин аздыгы;

– баланын ден соолугунун маанилүүлүгү жана бул түшүнүктөрдү балдарда өздөштүрүү үчүн теориялык жактан негизделген жана эксперименталдык жактан текшерилген педагогикалык шарттардын жоктугу бул диссертациянын актуалдуулугун далилдейт.

**2. Изилдөөнүн максаты:** мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарын аныктоо, моделин түзүү жана эксперимент аркылуу текшерүү.

**3. Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Илимий-педагогикалык адабияттарды талдоонун негизинде мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун теориялык концепциясынын мазмунун тактап, балдардын ден

соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуу процессинде ата-энелердин жана мугалимдердин ролун айкындоо.

2. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун, педагогикалык шарттарын аныктоо жана теориялык моделин иштеп чыгуу.

3. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун эксперименталдык түрдө текшерүү.

**4. Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** мектепке чейинки мекемелерде балдардын ден соолугун чыңдоого багытталган педагогикалык технологиялардын өзгөчөлүктөрү жана аларды колдонуунун теориялык негиздери айкындалды; ден соолукту чыңдоочу педагогикалык технологиялар боюнча психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдү системалаштырылып мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоонун заманбап технологияларга мүнөздөмө берилди; мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого багытталган педагогикалык технологияларды колдонуунун принциптерин, этаптарын ичине алган модели иштелип чыгып, анын педагогикалык шарттары аныкталды; айкындалып негизделген модель жана педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгү эксперимент аркылуу текшерилип практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**5. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын практикалык маанилүүлүгү:** изилдөөнүн натыйжалары мектепке чейинки мекемелердин тарбиячыларын ден-соолукту чыңдоочу технологияларга баалуу каражат катары мамиле кылууга багыттайт; тарбиячыларды мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоодо педагогикалык технологияларды колдонуу боюнча теориялык жактан негизделген жана практика жүзүндө сынактан өткөрүлгөн

билимдер менен камсыз кылат; жогорку жана атайын орто кесиптик билим берүү уюмдарында болочок тарбиячыларды балдардын ден соолукту чыңдоодочу технологияларды колдонууга даярдоодо колдонулушу мүмкүн.

**6. Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо педагогикалык процесс ден соолукту чыңдоочу багыттагы уюштуруучулук-педагогикалык технологияларды жаратуу жана колдонуу менен камсыздалат. Бул изилдөө мектепке чейинки курактагы балдардын физикалык, психологиялык жана социалдык бакубаттуулугунун деңгээлин жогорулатууга көмөктөшүүчү эффективдүү стратегияларды жана педагогикалык ыкмаларды, бөлүп көрсөтүүгө жана иштеп чыгууга мүмкүндүк бере турган методикаларды системалаштыруу, талдоо жана синтездөө милдетин коет. Натыйжада, ал азыркы педагогика илиминде актуалдуу жана келечектүү багыт болуп саналган ден соолукту чыңдоочу педагогика жаатындагы инновациялык ыкмаларды иштеп чыгуу үчүн илимий базаны түзүүгө өбөлгө түзөт.

2. Заманбап педагогикалык ыкмаларды талдоонун негизинде жана мектепке чейинки балдардын жеке мүмкүнчүлүктөрүн жана муктаждыктарын эске алуу менен, бул изилдөө ден соолукту чыңдоочу технологияларды колдонууга өбөлгө түзгөн оптималдуу педагогикалык шарттарды аныктоо милдетин коет. Бул технологияларды балдардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүнүн негизинде билим берүү программаларына интеграциялоонун моделин түзүү, билим берүүнү дифференциациялоо жана жекелештирүү принциптерин эске алуу менен, бул изилдөөнүн максат коюучу фактору болуп саналат. Мазмундуу да, методикалык да аспектилерди эске алган педагогикалык шарттарды, моделди иштеп чыгуу мектепке чейинки балдардын билим берүү процессине ден соолукту чыңдоочу

технологияларды ийгиликтүү интеграциялоо үчүн натыйжалуу педагогикалык платформаны түзүүгө жана мектепке чейинки мекемелерде ден соолукту чыңдоочу маданиятты калыптандыруунун натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет.

3. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоодо педагогикалык шарттарды жана ден соолукту чыңдоочу технологияларды эксперименттик текшерүү балдардын физикалык, психологиялык жана эмоционалдык бейпилдигине таасир этүү жөндөмдүүлүгүнө иштелип чыккан педагогикалык механизмдерди жана технологияларды системалуу текшерүүнү билдирет. Эксперимент мектепке чейинки мекемелерде колдонулган ден соолукту чыңдоо ыкмаларынын натыйжалуулугун талдоону жана алардын балдардын ден соолугуна, активдүүлүгүнө жана жалпы жыргалчылыгына тийгизген таасирин баалоону камтыйт. Бул текшерүүнүн максаты мектепке чейинки балдардын ден соолугун калыптандыруу жана колдоо үчүн бул педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун жана жарактуулугун илимий негиздөө болуп саналат.

**7. Изденүүчүнүн жеке салымы**. Диссертациядагы эмпирикалык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн илимий натыйжалары, коргоого сунушталган жоболор изденүүчү тарабынан жеке иштелип чыккан. Мектепке чейинки мекемелерде ден соолукту чыңдоо технологияларынын узак мөөнөттүү натыйжаларын колдонууну изилдөө, мектепке чейинки билим берүүдөгү башка методдор жана ыкмалар менен ден соолукту чыңдоо технологияларынын натыйжалуулугуна салыштырма талдоо жүргүзүү, билим берүү программасын иштеп чыгуу, ден соолукту чыңдоо технологияларын колдонуунун өзгөчөлүктөрүн жана артыкчылыктарын көрсөтүү., Билим берүү программаларына ден соолукту чыңдоочу технологияларды киргизүү боюнча билим берүү мекемелерине сунуштар, ден соолукту чыңдоочу

технологияларды колдонуу боюнча мугалимдер жана ата-энелер үчүн тренингдерди жана консультацияларды өткөрүү, ден соолуктун ортосундагы өз ара байланышты тереңирээк түшүнүү үчүн медициналык эксперттер менен өнөктөштүк мамилелерди түзүү, ден соолукту чыңдоо боюнча жана билим берүү процессиндеги өзгөрүүлөрдү аныктоо үчүн үзгүлтүксүз баалоолорду жүргүзүү, эксперимент жүргүзүү жана талдоодо турат.

**8. Диссертациянын натыйжаларынын толук жарыяланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары боюнча 18 макала РИНЦ системасында, 1 макала Scopus и Web of Science системасында жарык көргөн:


1. Развитие познавательной активности детей старшего дошкольного возраста // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2016. – №7. – 96-100-бб.
2. Мектеп жашына чейинки балдардын ден соолугун чыңдоодо оюн технологиясын колдонуу // Вестник Бишкекского государственного университета. – 2019. – №4(50). – 158-160-бб.
3. Здоровьесберегающие педагогические технологии // Педагогический Вестник. – Новосибирск-Ялта. – 2019. – С. 42-44.
4. Методика обучения детей дошкольного возраста с использованием здоровьесберегающих технологи // Бюллетень науки и практики. – 2023. – №1.
5. Формирование мотивации и привычки к здоровому образу жизни у детей дошкольного возраста // Бюллетень науки и практики. – 2023. – №5.
6. Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолукту чыңдоону калыптандыруучу педагогикалык шарттар // Вестник КНУ.
7. Мектепке чейинки курактагы балдардын сергек жашоо образын калыптандыруучу педагогикалык шарттар // Вестник Ала-Тоо. – №3.

**9. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Изденүүчү Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден-соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңеши Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден-соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап, төмөнкүдөй**

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Педагогика илимдери боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы докторлук (кандидиттык) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден-соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин.

2. Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын «Мектепке чейинки курактагы балдардын ден-соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары»аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын Жобосунун 10 пунктунун толугу менен жооп берет деп эсептелсин жана ачык коргоого сунуш кылынсын.

3. **Жетектөөчү мекеме катарында** Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасы бекитилсин;

– **биринчи официалдуу оппонент** – педагогика илимдеринин доктору, профессор Алимбеков А. дайындалсын;

– **экинчи официалдуу оппонент** – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Адылбек кызы Г. дайындалсын.

**Төрага:** Чечимди кабыл алуу боюнча добуш берүүңүздөрдү суранам: Ким «Макул»? Бардыгы «Макул», «Каршы», «Калыс» – жок. Чечим бир добуштан кабыл алынды.

Кеңештин жыйынынын отурумун жабык деп жарыялайм.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор** Дюшеева Н.К.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** Абдыкапарова А.О.

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын** диссертациясын алдын-ала коргоо боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн 2024-жылдын 9-февралындагы (№23.2 токтому) диссертациялык кеңештин жыйынына

**КЕЛҮҮ БАРАГЫ**

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Окумуштуулук даражасы, адистиктин шифры | Жыйынга келгендиги (колу) |
|---|---|---|---|
| 1. | Дюшеева Назира Кубанычбековна (төрайым) | п.и.д., 13.00.01 | |
| 2. | Панкова Татьяна Витальевна (төрайымдын орун басары) | п.и.д., 13.00.01 | |
| 3. | Абдыкапарова Айгуль Осмонкуловна (окумуштуу катчы) | п.и.к., 13.00.01 | |
| 4. | Ажибаева Айнура Жакшымбековна | п.и.д., 13.00.01 | онлайн |
| 5. | Акиева Гудьдана Салмоорбековна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 6. | Алимбеков Акматали | п.и.д., 13.00.01 | |
| 7. | Андрущишин Иосиф Францевич | п.и.д., 13.00.04 | онлайн |
| 8. | Асипова Нурбүбү Асаналиевна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 9. | Джанузаков Канат Чыныбаевич | п.и.к., 13.00.04 | |
| 10. | Зулуев Бекмырза Бекболотович | п.и.д., 13.00.01 | онлайн |
| 11. | Иманалиев Токтобек Тыбынович | п.и.к., 13.00.04 | келген жок |
| 12. | Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 13. | Макагонов Александр Николаевич | п.и.д., 13.00.04 | онлайн |
| 14. | Мамытов Абакир Мамытович | п.и.д., 13.00.04 | |
| 15. | Сартбекова Нуржан Коодоевна | п.и.д., 13.00.01 | |
| | **Кошумча чакырылган адистер** | | |
| 1 | Тумабаева Г. А. | п.и.к. 13.00.01 | |
| 2. | Бурмамкурова Ж. А | к.п.н. 13.00.01 | |
| 3 | Жакыпова З. Ж. | к.п.н. 13.00.01 | |
| 4. | Саралаев М.К. | к.п.н. 13.00.04 | |
| 5 | Мураталиева М.Я. | д.п.н. 13.00.01 | |
| | | | |

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Абдыкапарова А.О.**

*Диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн колун тастыктайм: диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, п.и.к., доц.* Абдыкапарова А.О.

И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМ. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ